КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ
ШААРДЫК АЙМАКТЫК
КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО
ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ №22/6

2021-жылдын 4-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы: Аттокуров У.Т.

мүчөлөрү :
Ысмаилова Б. А.
Айтбаева Ж.С.
Жумабаев Т.Ы.
Шаванов Т.К.
Ахматова Г.
Эрмеков К.К.
Эркинов А.Ч.
Зарипбек у.Б.

1. **Ж.Азимовдун үгүт иштерин мыйзамсыз жүргүзүүсү боюнча маалыматты кароо.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу кесиптештер, Ош аймактык шайлоо комиссиясына 2021-жылдын 21-июнь күнү Орозбаев Мирлан аттуу атуулдан "Беспредел" маалыматтык агенттигинин баракчасында Ош шаарынын "Туран" кичи шаарчасында "Ата-Журт-Кыргызстан" саясий партиясы тарабынан үгүт иштери башталгандыгын жана шайлоочулардын добушун сатып алуу иш аракеттери жүргүзүлүп жаткандыгын, андан сырткары Ош шаарынын вице-мэри Азимов Жасур түнкү убакта (саат 02.00) Ош шаарынын Туран кичи шаарчасында үгүт иштерин жүргүзүп жаткандыгы жөнүндө маалымат бергендигин билдирген.

Аталган факт боюнча Ош шаардык ички иштер бөлүмү териштирүү иштерин жүргүзүп, жыйынтыгы Ош аймактык шайлоо комиссиясына келип түштү.

Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн маалыматында №1 МАБнын №6-кварталдык комитетинин башчысы Х.Газиев түшүнүк катында, мурунку шайлоодо "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын №5272 шайлоо участогунун аймагында штаб башчысы болгондугун, бул жолку шайлоодо эч кандай партияга тиешеси жоктугунун жана үгүт иштери баштала электигин билдирген.

Ал эми маалыматты жүктөгөн М.Орозбаев түшүнүк катында, мындан 2-3 күн мурда Фейсбуктун "Беспредел" профилине чыккан маалыматты жиберип койгондугун, шайлоо боюнча добуш сатып алуу же Ж.Азимов тарабынан мыйзам бузуучулуктар болгонун билбегендигин билдирген.

Ош шаарынын вице мэри Ж.Азимов ден-соолугуна байланыштуу "Ковид 19" жугуштуу оорусу ооруп, ооруканада дарыланып жаткандыгын, 20.06.2021-ж. Туран кичи шаарчасына барбагандыгын, добуштарды сатып алуу аракети болбогондугкн билдирди.

Сканировано с CamScanner

Жогорудагы фактыда кылмыштын же жоруктун белгилери аныкталбагандыктан М.Орозбаевдин Ош шаарынын вице мэри Ж.Азимовдун мыйзамсыз үгүт жүргүзүүсү боюнча маалыматы кароодон баш тартуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул –9** **Каршы – 0**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. М.Орозбаевдин Ош шаарынын вице мэри Ж.Азимовдун мыйзамсыз үгүт жүргүзүүсү боюнча маалыматы аныкталбагандыгына байланыштуу, кароодон баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Аттокуров У.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Буранова Е.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

Сканировано с CamScanner